DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Дуйшонбаева А.Б., Осмонова Б.А.*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИНТЕРНЕТ-МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИНИН ТАРЫХЫ

*Дуйшонбаева А.Б., Осмонова Б.А.*

## ИСТОРИЯ ПРАВОВОЙ БАЗЫ ИНТЕРНЕТ - СРЕДСТВ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*A. Duishonbaeva, B. Osmonova*

## HISTORY OF THE LEGAL FRAMEWORK FOR INTERNET MEDIA IN KYRGYZSTAN

*УДК: 9.93*

*Макалада Эгемендүү Кыргыз Республикасындагы массалык маалымат каражаттарынын укуктук нормалары, анын мыйзамдын негизинде жөнгө салынышы жана Интернет аянтчасындагы мамлекеттик мыйзамдуулугу талдоого алынды. Ааламдык желелердин масштабдуулугу, анын өзгөчөлүгү айрым мамлекеттерде эле эмес, дүйнөнүн баардык өлкөлөрүндө татаалдыктарды жаратат. Азыркы мыйзамдарда автордук жана чектеш укуктардын корголушу үчүн иштеп жаткан нормалар жетиштүү. Бирок корголуучу объектилерди "санариптик" пайдаланууу учуру үчүн баардык маселелердин чечилишине мунун өзү жетишсиз. Бул этапта эл аралык нормалар менен азыркы мыйзамдардагы нормалар укук аналогиясы жана мыйзам аналогиясы боюнча Интернет желесиндеги мамилеге пайдаланылат. Ошентип, автордук жана чектеш укуктар реалдуу чөйрө же виртуалдык чөйрө экендигине карабай корголот. Кыргыз Республикасынын маалыматтык алкагын өнүктүрүү максатында, 2007-жылдын 14-декабрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаркуу органдарынын веб-сайттарын түзүү жана колдоо боюнча бирдиктүү талап бекитилген. Белгиленген нормативдик укуктук акт сайттын жасалгаланышына, веб-сайттын маалыматтык материалдарына, веб-сайттын программалык жактан камсыздалышына, дизайнына жана Мамлекеттик Интернет Порталы үчүн сунуштарга карата коюлган жалпы талаптардан турат. Ошондуктан, анда "Интернет" ааламдык (бүткүл дүйнөлүк) маалымат алмашуу үчүн өз ара туташтырылган көптөгөн көз карандысыз компьютерлердин желеси катары каралат. Макалада ушул жана башка маселелердин урунттуу жактарын кароо менен анын укуктук талаасынын тарыхын карооо аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр:*** *автордук укук, виртуалдык чөйрө, реалдуу чөйрө, маалымат талаасы, соттор, прокуратура.*

*В статье анализируются правовые нормы средств массовой информации в независимой Кыргызской Республике, их правовое регулирование, легитимность государства в Интернете. Масштабы и уникальность Всемирной паутины затрудняют ее не только в некоторых странах, но и во всех странах мира. Действующего законодательства достаточно для защиты существующих авторских и смежных прав. Однако этого недостаточно для решения всех проблем по «цифровому» использованию охраняемых объектов. На данном этапе к отношениям в сети Интернет по аналогии права и аналогии права применяются нормы международного права и действующего законодательства. Таким образом, авторские и смежные права охраняются независимо от того, являются ли они реальными или виртуальными. В целях развития информационной базы Кыргызской Республики 14 декабря 2007 года Правительством Кыргызской Республики утверждено Единое требование к созданию и ведению веб-сайтов государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики. Настоящий нормативный правовой акт содержит общие требования к оформлению сайта, информационным материалам сайта, программному обеспечению, оформлению сайта и рекомендации для Государственного интернет-портала. Поэтому Интернет рассматривается как сеть множества независимых компьютеров, соединенных между собой для обмена информацией по всему миру. В статье делается попытка взглянуть на историю его правового поля, рассмотрев основные моменты этих и других вопросов.*

***Ключевые слова:*** *авторское право, виртуальная среда, реальная среда, информационное поле, суды, прокуратура.*

*The article analyzes the legal norms of the Mass Media in the independent Kyrgyz Republic, their legal regulation, the legitimacy of the state on the Internet. The scale and uniqueness of the World Wide Web makes it difficult not only in some countries, but in all countries of the world. The current legislation is sufficient to protect existing copyright and related rights. However, this is not enough to solve all the problems of the "digital" use of protected objects. At this stage, the norms of international law and current legislation are applied to relations on the Internet by analogy of law and analogy of law. Thus, copyright and related rights are protected regardless of whether they are real or virtual. In order to develop the information base of the Kyrgyz Republic, on December 14, 2007, the Government of the Kyrgyz Republic approved the Uniform requirement for the creation and maintenance of websites of state bodies and local self-government bodies of the Kyrgyz Republic. This regulatory legal act contains general requirements for the design of the site, information materials of the site, software, site design and recommendations for the State Internet Portal. Therefore, the Internet is seen as a network of many independent computers interconnected to exchange information around the world. The article attempts to look at the history of its legal field, considering the main points of these and other issues.*

***Key words:*** *copyright, virtual environment, real environment, information field, courts, prosecutor's office.*

Укуктук чөйрөдө Интернет-маалымат каражаттарынын мыйзамдык жолдо аныктоо маселеси актуалдуу болуп саналат. Динамикалык өнүгүүдөгү интернет чөйрөсү өзүнө карата аныктама берип, аны жөнгө салуудагы профессионалдык критерийлерди жана укуктук мамилелердин иштелип чыгышын татаалдатат. Интернетти укуктук жактан жөнгө салуу чөйрөсүн азыркы этапта комплекстивдүү жөнгө салуу юридикалык жактан татаал чөйрө экендигин азыркы учурдагы дүйнөлүк жана КМШ өлкөлөрүндөгү практика көрсөттү. Интернет-маалымат каражаттарын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



укуктук жактан жөнгө салуу аракеттерин ар башка өлкөлөрдүн ишкерлери, дүйнөлүк коом демократиялык принциптерге дал келбей тургандыгын таанышты. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүн жөнгө салуу багытындагы эл аралык документтер, болгону Интернетке маалыматтарды жайгаштыруунун жалпы принциптерин, ошондой эле маалыматтык материалдарды жайылтуу этикасын гана аныктайт [1].

Интернетти жөнгө салуу аракети өлкөдөгү маалыматтык-коммуникациялык технологиянын өнүгүшүнүн кечендешин шарттаган кырдаалга алып келиши мүмкүн. Демократиялык принциптердин чегинен алып караганда, бул маалыматка жетүүдө берилген адамдын укугунун жана эркиндигинин, Конституцияда кепилдикке алынган эркин пикир алмашуусунун чектелиши болуп эсептелет. Жарандык укукту коргоодогу Интернетти жөнгө салуу чегинен алып караганда, дал ушул Интернетте каржылык көз боемочулуктар ийгиликтүү жүрүп, конфликтик кырдаалдарга алып бара турган конфиденциалдык маалыматтар кеңири жайылтылууда [2]. Көпчүлүк өлкөлөрдө Интернет жөнүндүгү мыйзамдын өзү жок. Башкача айтканда, мыйзамда, а түгүл «Интернет» эске алынбайт. Ал эми айрым өлкөлөрдө Интернет саясий жактан өзгөчө көңүл бурулган предмет болуп саналат. Кыргызстанда да Интернет жөнүндөгү атайын мыйзам жок. Бирок бул чөйрө коомду маалымат менен камсыз кылууга тиешелүү башка нормативдик документтер аркылуу жөнгө салынат.

1999-жылдын 8-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын «Маалыматташтыруу жөнүндөгү» мыйзамы – жеткиликтүүлүгү чектелген категорияга мыйзам аркылуу киргизилген документтештирилген маалыматтардан тышкаркы мамлекеттик маалыматтык ресурстар ачык жана жалпыга жеткиликтү болуп саналгандыгын аныктайт. Мамлекеттик сырга кирген маалыматтар же конфиденциалдык маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат. Мыйзамдын өзү Интернетке аныктама сунуш кылбайт. Бирок жогоруда берилген окумуштуулардын түшүнүктөрүн эске алганда, маалымат ресурстары менен Интернет желеси бири-бирине окшобойт, бирок алар өз ара байланышта жүрөт. 2006-жылдын 28-декабрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарындагы маалыматтардын жеткиликтүүлүгү» жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы, мамлекеттик органдарындагы жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарындагы маалыматтардын жүзөгө ашырылышына жана маалыматка жетүүдөгү укуктардын корголуушуна, ошондой эле максималдуу маалыматтык айкындыкка жетүүгө, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердигинин ачык-айкындуулугуна багытталган. Ал жеке жана юридикалык тараптардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүү маселесине байланышкан мамилесин жөнгө салат. Бул мыйзамда да «Интернет» түшүнүгү берилген эмес. Бирок жеке жана юридикалык тараптардын маалыматка жетүүсү – алардын суроо-талаптарынын негизинде камсыз кылуу жолу каралган. Мындай учурда маалымат алуу жөнүндөгү суроо-талап байланыштын электрондук каналы боюнча багытталышы мүмкүн. Эгерде, электрондук капчык боюнча суроо-талап алынган болсо, анда суроо-талаптын жообу катары тарап сураган маалымат электрондук капчыктын кайтарым дарегине багытталат.

Мамлекеттик органдар же жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары автоматташтырылган маалымат системасындагы маалыматтарга жетүү укугу үчүн: аталган системаны жалпы пайдалануу байланышындагы желеге кошуп, бул желеге кошулган жарандарга жана уюмдарга жеткиликтүүлүгү чектелбеси үчүн мамлекеттик органдар же жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары расмий серверге (сайтка, порталга) маалыматты жайгаштырат; жалпы пайдалануудагы жарандар жана уюмдар үчүн жеткиликтүүлүгү жеңил болгон жерге: мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын имараттарында, мамлекеттик жана муниципалдык китепканаларда, почта бөлүмдөрүндө жана мыйзам тарабынан аныкталган башка жерлерде абоненттик пункттарды түзөт; суроо-талаптарды алып, суралган маалыматтарды берүү үчүн электрондук капчыктын дарегин иштеп чыгат; расмий серверге (сайтка, порталга) жайгаштырылган маалыматтардын мазмунуна, ишенимдүүлүгүнө жана толук экендигине жоопкер болот.

2004-жылдын 17-июлундагы «Электрондук санариптик кол тамгалар жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамы да маанилүү болуп саналат. Анын максаты – электрондук маалымат алмашуу процессинде, электрондук санариптик кол тамгаларды пайдалануу үчүн укуктук шарттарды камсыз кылуу, анын алкагында санариптик кол тамганын кагаз бетине коюлган кол тамга менен барабар таанытуу; электрондук санариптик кол тамганын күбөлүгү боюнча кызмат көрсөтүүдө укуктук шарттарды камсыз кылуу болуп саналат. Мыйзамда «электрондук маалымат», «электрондук санариптик кол тамга (ЭСК)» сыяктуу маалыматтык чөйрөнүн өнүгүшү үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон түшүнүктөргө аныктама берилет. Бул нормативдик-укуктук актыга ылайык, талаш-тартыш келип чыккан учурда ЭСК кол коюлган жана ушул мыйзамга, анын аткарылышы норативдик-укуктук актыларда бышыкталышына ылайык, күбөлөндүрүү борбору тарабынан тастыкталган электрондук маалыматты сотко берүүгө мүмкүн болот. 1999-жыл-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дын 6-ноябрындагы «Электрондук төлөмдөр жөнүндөгү» КР мыйзамы электрондук төлөмдөрдүн юридикалык статусун аныктап, электрондук төлөм жүргүзүү процессиндеги карым-катышты жөнгө салат.

Интернет желелериндеги автордук жана чектешкен укуктардын сакталышын жана корголушун камсыз кылуу өзгөчө актуалдуу маселе болуп саналат. Ошондон улам, 1998-жылдын 14-январында «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндөгү» КР мыйзамы кабыл алынган. Ал илимий, адабият жана искусство чыгармаларын жаратып, пайдаланууга (автордук укук), фонорграмма, аткаруу, көрсөтүү, эфирдик же кабелдик берүүлөрдү уюштурууга байланыштуу келип чыккан карым-катыштарды жөнгө салат. Эгерде, республика катыша турган эл аралык келишимде ушул мыйзамда камтылгандан башка нормативдер аныкталган болсо, эл аралык келишимдин эрежелери колдонулушу бул мыйзамда каралган. Бул чөйрөдөгү негизги маселе, алгач автордук укук менен чектеш укуктарды коргоо жана сактоо боюнча мыйзам аймактык чек араларга аныкталып иштелген. Башкача айтканда, өлкөбүздүн улуттук мыйзам-ченеми илимий, адабий жана искусство чыгармаларын иштеп чыгууга (автордук укук), фонограмма, аткаруу, пастановка, эфирдик же кабелдик берүүлөрдү (чектеш укук) уюштурууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын аймактарында келип чыккан мамилелерди жөнгө салат. Кыргызстан тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдерде, Конвенцияларда, Макулдашууларда каралган жоболордун артыкчылыктары жөнүндөгү нормалар автордук укуктун корголушун өлкөбүздүн чегинен сырткаркы аймактарда кеңейишине жол ачат. Бирок Интернетке салыштырып караганда, анын пайдалануу мейкиндигинен кандайдыр бир мамлекеттик чек араны бөлүп кароо өтө эле татаал. Ошондой эле 1998-жылдын 24-декабрындагы «Жарнама жөнүндөгү» КР мыйзамы Интернет, мобилдик телефон жана факс аркылуу жарнаамаларды уруксаты жок таркатууга (спам) тыюу салган нормалардан турат. Укукту пайдалануу практикасы үчүн 2011-жылдын 20-апрелинде КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «КР нотариустарынын нотариалдык иштерди аткарышынын тартиби жөнүндөгү нускама» сыяктуу нормативдик укуктук актылар Интернетти жөнгө салуу үчүн негизги мааниге ээ болот. Ушул Нускаманын 156-пунктунда Интернет баракчаларынын көчүрмөсүн далилдөөгө жол ачат. Ошондуктан, нотариус Интернет желесине жайгаштырылган маалыматты текшерет: автоматтык режимде аныкталган файлдын дареги менен басылып чыгарылган датасын милдеттүү түрдө көрсөтүп, интернет-баракча толук кагазга чыгарылат. Кагазга чыгарылгандан кийин ал электрондук варианты менен салыштырылып каралат. Күбөлөндүрүү жазуусунда нотариус Интернеттеги баракчанын дарегин, документтин реквизиттерин, зарыл болгон учурда тексттин аталышын же графикалык маалыматты, анын Интернет баракчасында жайгашкан ордун көрсөтөт. Ошондой эле ал интернет желесине жайгаштырылган маалыматтын материалдык далил катары каралышы үчүн керек болгон шарттарды караштырат. Бул жерден КР соттору далил катары интернет-баракчаларынын кагаз бетине басып чыгарылышын кабыл ала тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Ошентип, Интернетти жөнгө салуу чөйрөсүндөгү нормативдик укуктук актылардын изилдениши виртуалдык чөйрөдөгү мамилеге иштеп жаткан мыйзамдардын нормаларын пайдалануу үчүн негиз боло тургандыгын, негизинен ал түптөлгөндүгүн көрсөттү.

Кыргызстандын мыйзам чыгаруучулары интернет-ресурстарына, башкача айтканда, веб-сайттарга ММК статусун берип, буга чейин иштелип чыккан Интернетти жөнгө салуучу окшош принциптерди ММКларды жөнгө салуу принциптери менен сыйлыгыштырууга аракет кылышууда. Бул практика Интернеттин жайылуу деңгээли жана өнүгүшү демократиялык принциптердин өнүгүү фактору болуп саналган постсоветтик алкакта актуалдуу. Бул өлкөлөрдүн мыйзамдык жөнгө салуу тажырыйбаларынан кыскача мисал келтиребиз.

Казахстан мыйзамдык деңгээлде веб-сайттын аныктамасы бар КМШ өлкөлөрүндөгү мамлекеттердин бири. Мында веб-сайттар массалык маалыматтарды мезгил-мезгили менен же үзгүлтүксүз жалпыга таркатып туруу формасы катары жалпыга жеткиликтүү болгон телекоммуникациялык желелерге (Интернет жана башкалар) чыгат. Мына ушунун баары массалык маалымат каражаты катары бааланат. [3]

Өзбекстандын мыйзамдарында ММКга туруктуу аталышка ээ болуп, кеминде алты айда бир жолу басылма түрүндө (газеталар, журналдар, ведомостор, бюллетендер ж.б.) жарыкка чыгып, массалык маалыматтарды мезгил-мезгили менен таркаткан же эфирге, болбосо электрондук түрдө берген (теле, радио, видео, кинохроникалык программалар, жалпыга жеткиликтүү болгон телекоммуникациялык желелердеги веб-сайттар) жана башка мезгилдүү массалык маалыматтарды таркатуу формалары кошулат [4]. Жалпыга жеткиликтүү болгон телекоммуникациялык желелердеги веб-сайттар, албетте, ММКга кошулат. Бирок мыйзамда «веб-сайтка» аныктама берилбейт. Ошондой эле мезгилдүү массалык маалыматтарды таркатуунун башка формаларына кошкондорунун себеби түшүндүрүлбөйт. Өзбекстандын мыйзамдарында, эгерде, эл аралык келишимдерде башка эрежелер каралган болсо, анда улуттук мыйзамдар колдонулбайт деген пункт бар.

Азербайджан Республикасынын мыйзамында аныктама берилбей туруп эле Интернет ММКЛарга кошулган. Бул өлкөнүн «Телерадио берүү жөнүндө-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гү» мыйзамында Интернет аркылуу чагылдыруу ыкмасына жол берилет. Бирок ал үчүн аткаруу бийлигинин тиешелүү органы тарабынан берилген атайын уруксат кагазы талап кылынат.

Тажикстандын «Басылмалар жана башка массалык маалымат каражаттары жөнүндөгү» мыйзамында «веб-сайттар» жөнүндөгү маалымат камтылган. Ошондой эле анда Тажикстан Республикасынын аймактарында Интернет кызматын көрсөтүү эрежелери иштелип чыккан. Аныктама боюнча Интернет өзү менен өз ара бирдиктүү логикалык архитектурасы боюнча биригип, маалыматтарды берүүнүн эл аралык протоколунун негизинде курулган, ар башка багыттагы коммуникациялык желелерди база кылган түрдүү телематикалык кызматтарды, маалымат берүү кызматтарын көрсөтөт. Ал эми «Телевидение жана радио уктуруу жөнүндөгү» мыйзамында Интернетке эфирдик радио уктуруулар үчүн түзүлгөн желе катары түшүндүрмө берилет.

Кыргызстанда веб-сайттар саясий окуяларда негизги ролду ойногондугуна байланыштуу, ага аныктама берүү маселеси актуалдуу болуп калды. Өлкө бийлиги он жыл аралыгында Интернетти өз көзөмөлүнө алып, аны ММКга айландыруу аракетинде болду. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, алгач, 2000-жылы өзүнүн токтому менен массалык маалымат каражаттарынын санын көбөйтүү боюнча мыйзам долбоорун Парламенттин кароосуна киргизген. Анда: «тараптардын чеги жок чөйрөсү үчүн компьютердик желе аркылуу берилген маалыматтарды» ММК катары таанылышы сунушталган. «ММК жөнүндөгү» мыйзамга толуктоо киргизүү демилгесин парламентарий 2007- жана 2008-жылдары эки жолу көтөрүп чыгышкан. Алардын «ММК жөнүндөгү» мыйзамды «мамлекеттик органдар, маалымат агенттиктери, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке тараптар тарабынан чыгарылып, жалпыга жайылтуучу массалык маалымат таркатуунун башка формасы» деп оңдоо сунушу, Кыргызстандагы сөз эркиндигинин абалына активистердин, журналисттик коомдун жана эл аралык уюмдардын көңүл бурушу күчөп кеткендигинен улам, кабыл алынган эмес.

Кыргыз Республикасынын 1992-жылдын 2-июлундагы «ММКлар жөнүндөгү» мыйзамына ылайык, массалык маалымат каражаттарына газеталар, журналдар, алардын тиркемелери, альманахтар, китептер, бюллетендер, туруктуу аталышка ээ болуп, жалпыга таркатууга багытталган бир жолку басылмалар, ошондой эле мамлекеттик органдар, маалымат агенттиктери, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке тараптар тарабынан чыгарылган теле жана радио берүүлөр, кино, видеостудиялар, аудиовизуалдык жазмалар жана программалар кирет. Басылмалар нускасына карата мыйзам тарабынан массалык маалымат каражаты катары таанылып же таанылбаса, бул критерий боюнча интернет ресурстарын ММК органы катары аныкталышы мүмкүн эмес. Себеби, контенттеги талаш-тартыштын бирдиктүү көрсөткүчү катары интернет-ММКларынын пайдалануучулары туруктуу болбогондуктан, аларды эсептөө мүмкүн эмес.

Интернетти түздөн-түз ММКлар жөнүндөгү нормативдик документтер менен жөнгө салуунун дагы бир татаалдыгы, жыштыктын таңкыстыгы менен чектелбегендигинде, анда ар бир адам материал чыгаруучу боло алгандыгында. Ошондой эле анын ааламдык болуп саналып, кандайдыр бир аймактык чекти таанnetwork бagандыгында. Интернет аркылуу жайылтылган маалыматтар салттык ММКларга мүнөздүү болгон чектөөлөргө туш келбейт, басылма материалдары сыяктуу физикалык таркатуу чеги менен чектелбейт. Ошондой эле ал көрсөтүү жана уктуруу ММКларындай сигналдын күчү жана техникалык чек менен да чектелбейт [5]. «Массалык маалымат каражаттары» жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны, жарандык бирикмелер, ишканалар, мекемелер, уюмдар, мамлекеттик органдар тыюу салынбаган ар кандай мыйзамдардын формасында массалык маалыматтарды таркатуу үчүн массалык маалымат каражаттарын уюштурууга укуктуу. Ал эми интернет-сайтты жарандык жөнүндөгү талаптарды айланып өтүп, чет өлкөдө түзүүгө болот. Ошондуктан, Интернетти ММКларга коюлган талап боюнча жөнгө салуу – ал мүмкүнчүлүккө карама-каршы келет [6].

**Адабияттар:**


1. Проблема чистого Интернета: этико-правовые аспекты // Регулирование и саморегулирование СМИ на постсоветском пространстве: материалы семинара Межд. летней школы по медиаправу. - Минск, 25-27 мая 2009. - С. 59.
2. Монахов В. СМИ и Интернет: проблемы правового регулирования. - М.: Экопринт, 2003. - 320 с.
3. Казахстанский контент, казахстанская интернет-экономика, Казахстанское интернет-право, казахскоязычный сегмент. / под ред. А. Джалилова. - А.: Экос, 2010. - С. 356.
4. Проблема чистого Интернета: этико-правовые аспекты // Регулирование и саморегулирование СМИ на постсоветском пространстве: материалы семинара Межд. летней школы по медиаправу. - Минск 25-27 мая 2009. - С. 59.
5. Рассолов И.М. Интернет-право. - М.: Юнити, 2004. - С.147.
6. Мамбеталиева Т.Э. Средства массовой информации и право в кыргызской Республике. - Б.: Билим, 2002. - С. 69.